| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**31.05.2022 ж № 4** **Боо-Терек айылы**

**Архитектуралык-курулуш жана курулуш-техникалык ошондой эле экологиялык-курулуш талаптарына ылайык келбеген, Боо-Терек айыл аймагына караштуу жерлерди жашылдандырууга жана көрктөндүрүүгөө ижарага бекитип бербөө жана андай жерлердин ижарасынын мөөнөтүн узартпоо жөнүндө**

Архитектуралык-курулуш жана курулуш-техникалык ошондой эле экологиялык-курулуш талаптарына ылайык келбеген, Боо-Терек айыл аймагына караштуу жерлерди жашылдандырууга жана көрктөндүрүүгөө ижарага бекитип бербөө жана андай жерлердин ижарасынын мөөнөтүн узартпоо жөнүндө маселени угуп, талкуулап, Боо-Терек айылдык аймактык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарынын XI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 10-июнундагы №316 токтому менен бекитилген "Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергия менен камсыз кылуу жана аларды пайдалануунун тартиби жөнүндөгү" Жобонун 60 жана 64 пунктарына ылайык, коопсуздук зоналарда чыңалуу линиялардын жанында бак дарактар тигилбесин. Жобонун талаптарына ылайык, 35 киловольт электр линиялардын четки линиясынан эки тарапка 15 м коопсуздук зонасы түзүлсүн, 10 киловольттук электр линиянын четки линиясынан эки тарапка 10 м коопсуздук зонасы белгиленсин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №316 токтомун бузуу менен аталган линиялардын алды жашылдандырууга берилип кеткен жерлерди тартипке келтирүү, бак-дарактарды кесип алуу, жашылдандырууга берилген келишимдерди жокко чыгаруу боюнча иш-аркеттер жүргүзүлсүн.
2. Боо-Терек айыл аймагындагы жайытка кетүүчү жолдорго, жер пайдалануучулар тарабынан, тосмолорду орнотуп, бак дарактарды тигип алган жарандардын мамлекеттик актысы боюнча жер аянттары аныкталсын.
   Жер тилкелерди жана жолдорду калыбына келтирүү боюнча иш аракеттер жүргүзүлсүн.
3. Кыргыз Республикасынын "Суу кодексинин" талаптарын эске алуу менен, чарбалар аралык каналдар үчүн сууну коргоочу зонанын эң кичине кеңдиги төмөндөгүдөй белгиленсин:
   Секундасына 1 кубтан 1,5 куб.м чейин суу агыза ала турган лоток, каналдар үчүн – 12 м;
   Секундасына 1,5 кубтан 4 куб.м чейин суу агыза ала турган лоток, каналдар үчүн – 24 м.

Чарбалар аралык каналдар үчүн сууну коргоочу зонанын аянттарына көрктөндүрүү, жашылдандыруу иштери жүргүзүлүүгө тыюу салынсын.

4. Дренаждык арыктардын эки капталынан 6 метрден кем эмес жер тилкесине жашылдандыруу, көрктөндүрүү жана курулуш иштери жүргүзүлбөсүн. Жалпысы туурасы 12 метр жер тилкеси Дренаждык арыктарды тазалоо иштерине тоскоолдук жаралбас үчүн жол калтырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы А. Кубанычбековго милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Боо-Терек айылдык**
**аймактык Кеңешинин төрагасы** **А. Мамыралиев**